УДК 371.4
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-17-21

**АДЫЛБЕК КЫЗЫ ГУЛНАЗ, ЖУМАТАЕВА А.С., МАТАЕВА А.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**АДЫЛБЕК КЫЗЫ ГУЛНАЗ, ЖУМАТАЕВА А.С., МАТАЕВА А.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**ADYLBEK KYZY GULNAZ, ZHUMATAEVA A.S., MATAEVA A.M.**
KNU J. Balasagyn

# КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ПРОЦЕССИНДЕ КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН АДЕП-АХЛАКТЫККА ТАРБИЯЛОО

## НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ УЧАЩИХСЯ МЛАДШИХ КЛАССОВ ВО ВНЕУРОЧНОМ ПРОЦЕССЕ

## MORAL EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS IN THE EXTRACURRICULAR PROCESS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада кенже мектеп окуучуларын адеп-ахлактыкка тарбиялоодо класстан тышкаркы иш-чаралардын ролу жана таасири каралат. Класстан тышкаркы процесс окуучулардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууда негизги факторлордун бири болуп саналат. Макалада адеп-ахлактык тарбиянын теориялык негиздери, кенже мектеп окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрү жана класстан тышкаркы иш-чаралардын формалары кеңири талданат. Ошондой эле, тарбиялоо процессинде колдонулуучу натыйжалуу ыкмалар жана практикалык иш-чаралардын мисалдары сунушталат. Автор окуучулардын адеп-ахлактык баалуулуктарын өнүктүрүүдө системалуу жана максаттуу иш алып баруунун маанилүүлүгүн баса белгилейт. Макалада педагогдорго жана билим берүү мекемелерине практикалык сунуштар берилет.

**Аннотация:** В статье рассматривается роль и влияние внеклассных мероприятий на нравственное воспитание учащихся младших классов средней школы. Внеучебный процесс является одним из основных факторов формирования нравственных качеств учащихся. В статье дается подробный анализ теоретических основ нравственного воспитания, психологических особенностей учащихся младших классов, форм внеклассной работы. Также приведены примеры эффективных методов и практических мероприятий, используемых в процессе воспитания. Автор подчеркивает важность систематической и целенаправленной работы по формированию нравственных ценностей учащихся. В статье даны практические рекомендации для педагогов и образовательных учреждений.

**Abstract:** The article examines the role and influence of extracurricular activities on the moral education of junior high school students. The extracurricular process is one of the main factors in the formation of moral qualities of students. The article provides a detailed analysis of the theoretical foundations of moral education, psychological characteristics of junior high school students, and forms of extracurricular work. Examples of effective methods and practical activities used in the educational process are also given. The author emphasizes the importance of systematic and targeted work on the formation of moral values of students. The article provides practical recommendations for teachers and educational institutions.

**Негизги сөздөр:** адеп-ахлактык тарбия; кенже мектеп окуучулары; класстан тышкаркы иштер; тарбиялоо процесси; педагогикалык методдор.

**Ключевые слова:** нравственное воспитание; младшие школьники; внеклассная работа; воспитательный процесс; педагогические методы.

**Keywords:** moral education; primary school students; extracurricular activities; educational process; pedagogical methods.

Кыргызстанда билим берүү тармагында адеп-ахлактык тарбиялоо - келечек муунду тарбиялоонун маанилүү багыттарынын бири. Айрыкча, кенже мектеп курагы баланын жеке инсандык сапаттарынын, жүрүм-турум нормаларынын жана коомдук баалуулуктардын калыптануусунда негизги этап болуп саналат. Бул куракта окуучулар адептүүлүк, боорукердик, жоопкерчилик сыяктуу сапаттарды өздөштүрө башташат. Жогорку сапаттагы тарбия, өзгөчө балалык курагында, балдардын бүтүндөй жашоосуна таасир этет. Мектеп – бул билим берүү процессинин негизги компоненти гана эмес, ошондой эле жаштардын адеп-ахлактык өнүгүүсүнө жардам берген маанилүү мекеме болуп саналат. Класстан тышкаркы иш-чаралар окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүн ачып, коомдук жоопкерчиликти, тынчтыкты жана тартипти өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет. Адеп-ахлактык тарбиялоо процесси, анын ичинде класстан тышкаркы иш-чаралар, мектеп окуучуларынын акыл-эс жана эмоционалдык өнүгүүсү үчүн маанилүү шарттар түзөт [6].

Изилдөөнүн максаты – класстан тышкаркы иш-чаралар аркылуу кенже мектеп окуучуларынын адеп-ахлактык тарбиясын өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык негиздерин талдоо. Ал үчүн:

1) Кенже мектеп окуучуларын адеп-ахлактыкка тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялык негиздерин аныктоо;

2) Класстан тышкаркы иш-чаралардын түрлөрүн жана алардын тарбиялоодогу ролун талдоо;

3) Адеп-ахлактык тарбиялоодо натыйжалуу методдорду сунуштоо милдеттери аныкталышы керек.

Адеп-ахлактык тарбия - бул балдардын жүрүм-турумун, баалуулуктарын жана коомдук нормаларды калыптандырууга багытталган системалуу процесс. Педагогикалык жана психологиялык көз караште адеп-ахлактык тарбиянын негизги милдети - окуучуларда туура моралдык принциптерди, жоопкерчилик сезимин жана адамгерчилик сапаттарды өнүктүрүү болуп саналат.

Л.С. Выготский баланын өнүгүүсүндө социалдык чөйрөнүн маанилүүлүгүн белгилеп, класстан тышкаркы иш-чаралардын социализациядагы ролун көрсөткөн [4]. В.А. Сухомлинский болсо окуучуларды жүрөгү менен тарбиялоо принциптерин сунуштап, гуманисттик мамилени баса белгилеген [8]. Кенже мектеп окуучуларын адеп ахлакка тарбиялоо багытында нускалуу идеялар А.Алимбеков, Б. Апышев, Ж.Бешимов, Н.Э. Абдраевалардын эмгектеринде кездешет [1].

Класстан тышкаркы иш-чаралар мектеп жаштагы балдардын адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү тарбиялоо, ошондой эле моралдык баалуулуктарды түшүнүү жана кабыл алуу үчүн маанилүү мүмкүнчүлүктөр экендигин белгилөөгө болот. Алардын негизги максаты – окуучуларды биргелешкен аракеттерге, өз ара урматтоого, ачууланууну жана чыр-чатактарды чечүүнү үйрөтүү.

Мектептерде өтүлүүчү класстан тышкаркы иш-чаралар ар түрдүү болушу мүмкүн, мисалы: спорттук мелдештер, театрлаштырылган көрсөтмөлөр, экологиялык долбоорлор, саякаттар жана коомдук иштер. Бул иш-чаралар ар бир окуучунун адеп-ахлактык өнүгүшүнө өзгөчө таасир этет. Класстан тышкаркы иштер аркылуу окуучуларды адеп ахлактыкка тарбиялоонун эффективдүүлүгү төмөнкү төрт негизги принципке таянып уюштурулганда натыйжалуу болот:

1. Ыкчам мамилелерди түзүү – класстан тышкаркы иш-чаралар окуучуларга өзүн көрсөтүүгө, жаңы досторду табууга жана эмгекке тарбияланууга, башкарууга үйрөнүүгө жардам берет. Бул адеп-ахлактык сапаттардын, атап айтканда, сабырдуулук, кечиримдүүлүк жана тилектештиктин өнүгүүсүн стимулдаштырат.

2. Командалык иш – ар кандай топтук иш-чаралар, мисалы, спорттук иш-чаралар, театр көрсөтмөлөрү, окуучулардын командалык рухун арттырып, өз ара сый-урмат, ынтымакта болууга жана өз ара жардамдашууга үйрөтөт.

3. Социалдык жоопкерчилик – класстан тышкаркы иштер окуучуларга коомдук иштерге активдүү катышуу мүмкүнчүлүгүн түзөт. Бул өз кезегинде адамгерчиликтин негизги компоненти болуп саналат жана моралдык жоопкерчиликти сезүүгө өбөлгө түзөт.

4. Өзүн-өзү тарбиялоо жана рефлексия – окуучулар класстан тышкаркы иш-чараларда өздөрүнүн эмоцияларын жана аракеттерин анализдеп, өзүнүн туура жана туура эмес иштерин түшүнүүгө үйрөнүшөт.

Класстан тышкаркы иш-чаралардагы адеп-ахлактык тарбиянын негизги аспектилери катары:

1. Кичүүлөргө жардам берүү – мектептерде класстан тышкаркы иш-чаралардын негизинде “жогорку класстагы” окуучулар жаш балдарга

жардам берүүгө үйрөтүлөт. Бул өзгөчө адеп-ахлактык мааниге ээ, анткени жаштары кичине болсо да аларга жардам берүү алардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө жана коомдогу жоопкерчиликтин ролун түшүнүүгө жардам берет.

2. Чыгармачылык – театр, музыка жана сүрөт өнөрү сыяктуу чыгармачылык класстан тышкаркы иш-чаралар балдарды өздөрүнүн ички дүйнөсүн ачууга жана башкаларга кылдаттык менен мамиле кылууга үйрөтөт.

3. Чынчылдык жана сабырдуулук – спорттук оюндарда же ар кандай мелдештерде адеп-ахлактык баалуулуктарды, анын ичинде чынчылдыкты, сабырдуулукту жана ачык-айкындуулукту сактоо абдан маанилүү. Бул баалуулуктар ар бир окуучуга өзүнүн ийгиликтерин жана жеңилүүлөрүн чын жүрөктөн кабыл алууга жардам берет

Кенже мектеп курагында балдарда маданияттуу жүрүм-турум адаттары калыптанат жана адеп-ахлак нормалары жөнүндө билимдерди интенсивдүү топтошот. Бул мезгилдеги окуучулардын жүрүм-турумун эмгекчилдик жана ийгилик көз карашынан баалоодо жүрүм-турум көндүмдөрүнүн, адаттарынын күчтүүлүгү гана эмес, адеп-ахлактык талаптарды билүү, алардын жүрүм-турумун жана жолдошторунун жүрүм-турумун сындай билүүсү да эске алынат [2].

Л.Б. Занковдун пикиринде дидактикалык система баланын адеп-ахлактык баалуулуктарын толук өнүктүрүүгө көмөктөшөт, окуу процессинде инсандык өнүгүү проблемаларын карайт, тарбиялоону, өнүктүрүүнү жана окутууну бир бүтүнгө айкалыштырат. Класстан тышкаркы иштерде кенже мектеп окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоонун мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу түрдө ишке ашырууга болот.

1-класста окуучулардын адеп-ахлактык тарбиясынын диагностикасы жүргүзүлөт, бул келечектеги иштин негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берет.

Балдарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоо боюнча класстан тышкаркы иштердин негизги формалары: оюндар, экскурсиялар, класстык сааттар, этикалык баарлашуулар, клуб тибиндеги иштер.

Балдардын оюн ишмердиги дайыма алардын ортосундагы белгилүү бир мамилелердин пайда болушу жана өнүгүшү менен байланышкан. Мугалимдин милдети – балдарды кылдаттык менен байкоо, алардын мамилелери кандай моралдык негизде курулгандыгын аныктоо жана гумандуу мамилелердин калыптанышына активдүү таасир берүү.

Бул үчүн, оюн топторун түзүүгө ойлонуу менен мамиле кылуу, уялчаак жолдошторду табууга жардам берүү, балдардын оюндагы алгачкы ийгиликтерине, алардын жолдоштук жана тилектештиктин көрүнүшүнө кылдаттык менен баа берүү керек. Тилекке каршы, биздин балдар кыймылдуу жана ролдук оюндарды азыраак ойноп, компьютердик оюндарды жакшы көрүшөт, бул мугалимди адеп-ахлактык тарбиялоонун эффективдүү каражатын толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

Билим берүүдө интеграцияланган мамиленин орду жана ролу ар бир адамдын жана бүтүндөй коомдун жашоосундагы эң маанилүү ролдордун бирин ойнойт. Бул жигердүү, максаттуу,көз карандысыз инсанды жаратуу куралы когнитивдик ишмердүүлүккө умтулуу. Бул процесстен адамдын жашоосу кандай болору, кайсы жолду тандаары, эмне кылаары көз каранды [3]. Класстан тышкаркы иштер бул өңүттө маанилүү ролду ойнойт. Класстан тышкаркы иштер - бул мектеп программасынан сырткары уюштурулган маданий, социалдык жана билим берүү иш-чаралары. Алар окуучулардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүүдө чоң роль ойнойт. Кенже мектеп окуучулары үчүн класстан тышкаркы иштердин төмөнкү формалары өзгөчө натыйжалуу:

Тематикалык чогулуштар жана баарлашуулар – адептүүлүк, достук, чынчылдык темаларында уюштурса болот.

Экскурсиялар жана маданий иш-чаралар – тарыхый жайларга баруу, музейлерге саякат.

Ролдук жана педагогикалык оюндар - окуучуларга ар кандай кырдаалда туура чечим кабыл алууну үйрөтөт.

Социалдык акциялар – кайрымдуулук жана коомдук пайдалуу эмгек иштери.

Методдор тарбия иштерин уюштуруучулардан аларды тандоодо билимди жана индивидуалдык мамиле кыла билүүнү талап кылат. Тарбиянын жана бүтүндөй тарбиялоо процессинин ийгилиги көбүнчө методдорду билүүдөн, аларды колдонуудан көз каранды [8]. Класстан тышкаркы иштерде адеп-ахлактыкка тарбиялоо үчүн бир нече педагогикалык методдор колдонулат: Алардын айрымдарын атап өтсөк.

1. Окуучуларга турмуштук баалуулуктарды жеткирүү үчүн – маектешүү жана талкуу жүргүзүү методу;

2. Жоопкерчилик сезимин өнүктүрүү үчүн – жашоо тажрыйбасына негизделген тапшырмалар;

3. Адеп-ахлактык жүрүм-турумду үлгүлүү адамдардын иш-аракеттерине таянып көрсөтүү үчүн - мисалдар аркылуу тарбиялоо;

4. Оюн аркылуу окутуу методу – адеп-ахлактык баалуулуктарды бекемдөөгө шарт түзөт.

Практикалык мисалдар:

"Боорукердик жумалыгын" уюштурууда – окуучулар муктаж адамдарга жардам беришет.

"Мекенди сүйүү" экскурсияларында – тарыхый жана маданий баалуулуктарды урматтоого тарбияланышат.

"Үлгүлүү инсандар менен жолугушуу" иш-чарасында – адеп-ахлактык принциптерди түз байланышка негиздеп үйрөтүүгө өбөлгө түзүлөт.

Класстан тышкаркы иш-чаралар кенже мектеп окуучуларын адеп-ахлактыкка тарбиялоонун натыйжалуу каражаты катары билим берүү процессинде өзгөчө мааниге ээ. Адеп – адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүм-турум нормаларынын тарыхый жыйындысы. Адептүүлүк адамдын жеке мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым-катышына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк-уятсыздык, айкөлдүк-караниеттик деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берилет. Окуучуларда адамгерчилик, чынчылдык, жоопкерчилик жана боорукердик сыяктуу сапаттарды калыптандыруу үчүн системалуу жана максаттуу иш-чараларды уюштуруу зарыл [ 9].

Жыйынтыктоочу сунуштар:

1. Класстан тышкаркы иш-чараларды үзгүлтүксүз жана ар тараптуу уюштуруу.

2. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялык иш-чараларды пландаштыруу.

3. Педагогдор менен ата-энелердин кызматташтыгын чыңдоо.

**Колдонулган адабияттар**

1. Алимбеков А.А. Теория и практика этнопедагогической подготовки в системе высшего педагогического образования: автореф. дис. … д-ра пед. наук: 13.00.01. – Бишкек, 2010.
2. Асипова Н.А. Социалдык тарбия. – Бишкек: КТМУ, 2004, 185 б.
3. Адылбек кызы Г., Жуматаева А.С., Абдурашид кызы М. Окуу предметтеринин интеграциясы заманбап дүйнөдө педагогикалык көрүнүш катары // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2024, № 3(114), 83-89 бб.
4. Выготский Л.С. Психология развития ребенка. – Москва: Эксмо, 2013, 512 с.
5. Григорьева М.В. Структура мотивов учения младших школьников и ее роль в процессе школьной адаптации // Начальная школа, 2009, №1, с. 8-9.
6. Солодянкина О.В. Организация воспитательной работы в классе. – Москва: Педагогический поиск, 2000,160 с.
7. Сухомлинский В.А. Сердце отдаю детям. – Киев: Рад.шк., 1988, 320 с.
8. Жуматаева А.С., Назарбекова Б.Ж., Мураталиева П.М. Заманбап мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги тарбия иштеринин методдору // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2024, № 3(114), 136-138 бб.
9. Кенже мектеп окуучуларын элдик педагогика аркылуу адептик жактан тарбиялоо жөнүндө / А.С. Жуматаева, Б.Ж. Назарбекова, Н.Дж. Джурсуналиева, П.М. Мураталиева // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2024, № 3(114), 142-148 бб.

**Рецензент: к.п.н., доцент Абдыракунова Ж.С.**